«Бекитемин»

Мектеп директору: Осконбаева Н.К.

# Жеништин 60 жылдыгы атындагы Петропавловка орто мектебинин «Жолдо журуу эрежелеринин сактоо боюнча откоруулучу иш-чаралардын планы 2021-2022 окуу жылы.

| Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мооноту | Жооптуу аткаруучулар | Эскертуу(аткарылышы боюнча) |
|---|---|---|---|
| «Жолдо журуу эрежелерин сактоо» боюнча иш-чаранын мерчемин тузу. | 30-август | Мектеп администрациясы | |
| «Жолдо журуу эрежелерин сактоо» боюнча бир айлыкты откоруу: «Жолдо журсон сак бол! | Сентябрь | Организатор Атабалаева Р.О. Класс жетекчилер | |
| Класстык саттар: Темасы: «Жолдо журуу эрежелерин сактоо» | Ар сайын | Атабалаева Р.О. Класс жетекчилер | |
| Окуучулардын жолдон откоруучу кеземеттеги мугалимдердин графигин тузу. | Ар сайын | Атабалаева Р.О. Класс жетекчилер | |
| Чон жолдон откон окуучулардын тизмесин тактоо. | Сентябрь | Организатор Атабалаева Р.О. Класс жетекчилер Отряд ЮИДД | |
| «Уй –Мектеп-Уй» каттамдык схемаларын текшеруу | Сентябрь | Организатор Атабалаева Р.О. Класс жетекчилер Отряд ЮИДД | |
| Викторина: «Кочодон жана жолдон отуу эрежелери» | Ноябрь | Атабалаева Р.О. Мусагулова М.А. | |
| Дилбаяндар сынагы: «Жолдо журсон так бол, шумкарлардай сак бол!» | Ноябрь | 5-8 класстар, Класс жетекчилер | |
| Реферат: Тема: «Жол белгилери олкосундо» | Декабрь | 9-11 класстар Класс жетекчилер отряд ЮИДД | |

*Класстык саат.*

*Сабактын темасы:* ***Жолдо жүрүү эрежелери.***

*Сабактын максаты:* а)Окуучуларга жолдо жүрүү эрежесин түшүндүрүү

Б)Жол белгилерин так билүүгө үйрөнүшөт
В)Жолдо жүрүүдө жол эрежесин сактап, абайлап жүрүүгө тарбияланышат
Сабактын жабдылышы:Светофор, жол белгилери тартылган сүрөттөр
Сабактын жүрүшү:

—Ар бирибиз жолдо жүрүү эрежесин так билүүгө тийишпиз. Жөө жүргөн адамдардын да жолдо жүрүү эрежеси бар.
Жол эрежесин үйрөнүп, дайыма так сактоо милдетибиз.

Жол эрежелери

Көчөдө бара жатканда шашпай, жолдун чети менен басуу керек. Көчөнүн бир жагынан экинчи жагына өтүүдө ар дайым эки жакты карап өтүү зарыл. Адамдар дайыма светофорго карап, ал жок жерде атайын адамдар өтүүчү жерден (зебрадан) өтүү керек.

(сүрөттөр көрсөтүлөт)

Жол эрежеси боюнча ырлар

Болбос үчүн кырсыктар,
Айталы жол эреже.
Эсиңерге туткула,
Билбегендер билишсин.
Жолдо жүрүү өзүнчө,
Кызык экен окусаң.
Эрежени үйрөнсөң,
Эркин басып жүрөсүң.
Эрежени сакташат,
МАИ деген ар дайым.
Эрежени үйрөнүп,
Эрежени бузбайбыз.
Жол үстүндө үч кабат
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коёт,
Эсиңе ал, өчүп,жанганын.
Жол эрежеси ушундай,
Айткандарды уккула.
Жол эрежесин так окуп,
Жол кырсыкка кабылба!
Жол эрежени так билсек,
Кырсык болбойт эч качан.
Өмүрүңө коркунуч,
Алып келбейт эч качан.
Уят болбой окуйбуз,
Жол эрежесин баарыбыз.

Эрежени бузбастан,
Эстүү балдар болобуз.
Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карайбыз.
Светофор деп коёт,
Эсиңде болсун ар дайым.
Сарысы күйсө камданып,
Кызылы күйсө токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн,
Машина жолун тоспойбуз.
Жол белгисин билбесек,
Жаман жорук башталат.
Шашпай жүргүн көчөдө,
Кокустук деген балакет.

Ошондуктан окуйлу,
Жол белгини жакшылап.
Жолдо болбойт кырсыктар,
Эрежени так билсек.
Алды-артыңды байкагын,
Алданбагын оюнга.
Чуркап өтөм дебегин,
Жолдун аркы боюна.
Кызыл күйдү карагын,
Токто, кайда шашасың.
Сары күйсө камданып,
Жашыл күйсө басасың.
Өткөөл жолдон өтүп жүр,
Машинадан сак болуп.
Билгин жолдо жүргөндү,
Эрежеге так болуп.
Коркунуч жок жолдо деп,
Жалгыз өзүң өтпөгүн.
Ишеничтүү болсун деп,
Чоңдор сени өткөрсүн.

## Суроолор

- Светофордун жөө жүргүнчүлөргө кандай пайдасы бар?

- Жолдо жүрүү эрежесин кимдер сактоосу зарыл?

- Жөө жүргүнчүлөр жолдун кайсы жеринен өтүүсү керек?

- Көчөдө болгон жол кырсыктын баарына айдоочулар күнөөлүүбү?



